**1-тиркеме**

**Билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдындагы Улуттук аккредитациялык кеңеш жөнүндө ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдындагы Улуттук аккредитациялык кеңешти түзүү жана ишинин тартибин жөнгө салат.

2. Билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдындагы Улуттук аккредитациялык кеңеш (мындан ары - Кеңеш) - аккредитациялык агенттиктердин ишин таануу жөнүндө маселени коллегиалдуу жана ачык кароо үчүн коомдук башталышта иш алып барган консультациялык-кеңешме орган.

3. Кеңеш өз ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Жобого ылайык жүргүзөт.

## 2. Кеңештин максаттары жана милдеттери

4. Кеңештин максаты болуп аккредитациялык агенттиктердин ишин көз карандысыз жана объективдүү баалоо жана таануу аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылууга көмөктөшүү саналат.

5. Кеңештин милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- аккредитациялык агенттиктердин арыздарынын негизинде аларды таануу же таануудан баш тартуу жөнүндө объективдүү чечим кабыл алуу;
- аккредитациялык агенттиктердин ишине тышкы мониторинг жүргүзүүнү уюштуруу жана анын жыйынтыктары боюнча чечим кабыл алуу;
- аккредитациялык агенттиктердин ишине байланыштуу кайрылууларды кароо;
- аккредитациялык агенттиктердин ишине карата белгиленген талаптар бузулган учурларда таасир этүү чараларын көрүү.

## 3. Кеңешти түзүү тартиби

6. Кеңеш 15 адамдан турат, алардын катарына төмөнкүлөр кирет:

- билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси - Кеңештин төрагасы;

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри У.Э. Мамбетакунов ____________ "9" 02 2023-ж.

УККжАЭБ башчысы Б.А. Ибрагимов ____________ "9" 02 2023-ж.

- билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчисинин аккредитациялоо маселелерин тейлеген орун басары - Кеңештин төрагасынын орун басары;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин билим берүү боюнча тармактык комитетине кирген үч депутаты кеңеш берүүчү добуш укугу менен;

- өзүнүн карамагында көпчүлүк билим берүү уюмдары болгон эки министрликтин жана ведомствонун жетекчилери;

- билим берүү уюмдарынын жетекчилери болуп эсептелбеген башталгыч, орто, жогорку кесиптик билим уюмдарынын бирден өкүлү;

- иш берүүчүлөрдүн жана кесиптик бирикмелердин ичинен беш өкүл.

Аккредитациялык агенттиктин уюштуруучусу же кызматкери болуп саналган жана/же аккредитациялык агенттиктин кызматкерлери менен тугандык мамиледе болгон адам Кеңештин мүчөсү боло албайт.

7. Кеңештин мүчөлөрү курамга төмөнкүлөрдүн негизинде киргизилет:

- расмий каттын негизинде (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары жана эки министрликтин жана ведомствонун өкүлдөрү);

- конкурстун негизинде (билим берүү уюмдарынын, иш берүүчүлөрдүн жана кесиптик бирикмелердин өкүлдөрү).

Кеңештин курамына билим берүү уюмдарынын, иш берүүчүлөрдүн жана кесиптик бирикмелердин өкүлдөрүн киргизүү үчүн конкурс өткөрүү тартиби билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

8. Билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кеңештин курамына билим берүү уюмдарынын, иш берүүчүлөрдүн жана кесиптик бирикмелердин өкүлдөрүн киргизүү үчүн талапкерлердин арыздарын кабыл алуу жана аларга коюлуучу талаптар жөнүндө маалыматты өзүнүн сайтына жайгаштыруу менен конкурс жарыялайт.

9. Билим берүү уюмдарынын, иш берүүчүлөрдүн жана кесиптик бирикмелердин өкүлдөрү төмөнкү талаптарга ылайык келүүгө тийиш жана:

- Кыргыз Республикасынын жарандыгына;

- жогорку кесиптик билимге;

- билим берүү чөйрөсүндө 10 жылдан кем эмес жана билим берүүнүн сапатына кепилдик берүү маселелери боюнча 5 жылдан кем эмес иш тажрыйбасына (билим берүү уюмдарынын өкүлдөрү үчүн);

- кесиптик уюмдарда жетекчи катары 5 жылдан кем эмес иш тажрыйбасына (иш берүүчүлөрдүн жана кесиптик бирикмелердин өкүлдөрү үчүн) ээ болууга тийиш.

10. Арызга төмөнкүлөр тиркелет:

- резюме;

- паспорттун, билими жөнүндө дипломдун (окумуштуулук даражасы жана окумуштуулук наамы жөнүндө дипломдун) жана эмгек китепчесинин көчүрмөсү;

- уюмдун же кесиптик бирикменин жетекчисинин сунуштамасы (иш берүүчүлөрдөн жана кесиптик бирикмелерден талапкерлер үчүн);

- Окумуштуулар/педагогикалык кеңештин чечиминин көчүрмөсү менен билим берүү уюмунун жетекчисинин сунуштамасы (башталгыч, орто, жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынан талапкерлер үчүн) бир уюмдан бирден көп эмес адамга.

11. Конкурстун катышуучуларынын арыздарын жана документтерин ушул Жобонун 9 жана 10-пункттарында көрсөтүлгөн талаптарга ылайык тандоо жүргүзүүчү билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын комиссиясы (мындан ары - Комиссия) карайт. Комиссиянын иштөө тартиби жана курамы билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

12. Комиссиянын курамына кеминде беш адам киргизилет:

- билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчисинин аккредитациялоо маселелерин тейлеген орун басары – комиссиянын төрагасы;

- билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү, илим жана аккредитация боюнча түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери.

13. Комиссиянын курамы билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын буйругу менен бекитилет.

14. Комиссия көрсөтүлгөн мөөнөттө талапкерлерди тандоо боюнча корутунду берет.

15. Кеңештин курамы билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчисинин буйругу менен Комиссиянын корутундусунун негизинде 3 жылдык мөөнөткө бекитилет жана анын сайтына жайгаштырылат.

16. Кеңештин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктаганга чейин үч ай мурда анын жаңы курамы түзүлөт. Кеңештин жаңы курамынын ыйгарым укуктары Кеңештин мурдагы курамынын ыйгарым укуктары токтотулган күндөн кийинки күндөн тартып күчүнө кирет.

17. Бир эле адам катары менен эки мөөнөттөн ашык Кеңештин мүчөсү боло албайт.

18. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тармактык комитетинен тышкары Кеңешке бир уюмдун атынан бир гана өкүл киргизилет.

19. Кеңештин ар бир мүчөсү Кеңештин төрагасына жазуу жүзүндө арыз берүү менен өз каалоосу боюнча өз ыйгарым укуктарын аткаруудан бошотулушу мүмкүн.

20. Кеңештин мүчөсүнүн ыйгарым укуктары төмөнкү негиздер боюнча мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн:

- өз милдеттерин аткаруудан системалуу түрдө баш тартса;
- Кеңештин отурумдарына жүйөлүү себептерсиз катары менен үч жолудан ашык катышпаса;
- адам сот тартибинде аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп табылса.

21. Кеңештин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда бош орундар ушул Жободо каралган тартипте эки айдан кеч эмес мөөнөттө ээленет.

22. Кеңештин ишин уюштуруу үчүн төрага билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аккредитациялоо маселелери боюнча түзүмдүк бөлүмүнүн кызматкерлеринин ичинен катчыны дайындайт. Кеңештин катчысы добуш берүү укугуна ээ эмес.

## 4. Кеңештин функциялары, укуктары жана милдеттери

23. Кеңеш төмөнкү функцияларды аткарат:

- аккредитациялык агенттиктин ишин таануу;
- аккредитациялык агенттиктердин ишине тышкы мониторингдин натыйжаларын кароо жана анын жыйынтыктары боюнча чечим кабыл алуу;
- аккредитациялык агенттиктердин иши менен байланышкан кайрылууларды кароо жана белгиленген талаптар бузулган учурларда таасир этүү чараларын колдонуу;
- билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо жаатында эл аралык кызматташууга көмөктөшүү;
- аккредитациялануучу уюмдарга жана программаларга коюлуучу минималдуу талаптарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө сунуштарды иштеп чыгуу.

24. Кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу:

- туруктуу жана убактылуу жумушчу органдарды түзүүгө;
- белгиленген талаптарды бузган учурда аккредитациялык агенттиктерге карата таасир этүү чараларын колдонууга;
- мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, юридикалык жана жеке жактардан белгиленген тартипте өз ишин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды суроого жана алууга;
- эксперттерди тартууга. Эксперттердин акысы республикалык бюджеттин эсебинен төлөнөт;
- Кеңештин компетенциясына кирген маселелер боюнча эксперттер, адистер же кызыкдар коомдук уюмдар менен консультацияларды өткөрүүгө;

- Кеңештин ишин камсыз кылуу үчүн донордук жана башка демөөрчүлүк каражаттарды тартууга.

25. Кеңеш төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоого;

- билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сайтына өзүнүн иши жөнүндө ар жылдык отчетту жайгаштыруу менен Кеңештин ишинин ачык-айкындуулугун камсыз кылууга;

- билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сайтында аккредитациялык агенттиктерди таануу, таануудан баш тартуу, алдын алуу, таанууну токтото туруу, таанууну кайра калыбына келтирүү жана таанууну жокко чыгаруу жөнүндө маалыматтарды камтыган аккредитациялык агенттиктердин Улуттук реестрин жарыялоого.

## 5. Кеңештин ишин уюштуруу

26. Кеңештин биринчи отуруму анын курамы бекитилгенден кийин жети жумушчу күндөн кечиктирилбестен өткөрүлөт. Биринчи отурумда Кеңештин иш планы бекитилет.

27. Кеңештин отурумдары зарылчылыкка жараша өткөрүлөт жана ага Кеңештин чечүүчү добуш укугу бар мүчөлөрүнүн үчтөн эки бөлүгү катышса укуктуу болуп эсептелет. Кеңештин чечими катышкандардын ичинен жөнөкөй көпчүлүк добуш менен ачык добуш берүү жолу аркылуу кабыл алынат. Добуштар тең болуп калган учурда Кеңештин төрагасынын добушу артыкчылыкка ээ болот.

28. Кеңештин чечимдери токтом түрүндө кабыл алынат жана билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчисинин буйругу менен жети жумушчу күндүн ичинде ишке ашырылат.

29. Кеңештин төрагасы:

- Кеңештин ишине жалпы жетекчилик кылат;

- Кеңештин отурумдарында төрагалык кылат;

- аккредитациялык агенттиктерди таанууда, тышкы мониторинг жүргүзүүдө жана ишине байланыштуу кайрылууларды кароодо алардын белгиленген талаптарга ылайык келүүсүн баалоо үчүн эксперттик комиссиянын курамын (Кеңештин мүчөлөрүнүн (макулдашуу боюнча) жана билим берүү жаатындагы көз карандысыз эксперттердин ичинен) аныктайт;

- Кеңештин иши боюнча документтерге кол коет;

- мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жана жеке жактар менен мамилелерде Кеңештин атынан чыгат;

- Кеңештин ишине жетекчилик кылуу үчүн зарыл болгон башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

Төрага жок болгон учурда Кеңештин отурумун төраганын орун басары өткөрөт.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министри У.Э. Мамбетакунов ____________ "9" __02__ 2023-ж.

УККжАЭБ башчысы Б.А. Ибрагимов ____________ "9" __02__ 2023-ж.

30. Кеңештин катчысы:

- Кеңештин отурумун уюштурат;
- Кеңештин отурумдарына материалдарды даярдайт;
- билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтынын Кеңештин ишине байланыштуу бөлүгүн башкарат:
- аккредитациялык агенттиктердин Улуттук реестрин жүргүзөт.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министри У.Э. Мамбетакунов ______________ "9" ____02____2023-ж.

УККжАЭБ башчысы Б.А. Ибрагимов ______________ "9" ____02____2023-ж.